Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
26. Sayı 2019

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
26-саны 2019

# Христианчылыктын бөлүнүү процессине жалпы көз жүгүртүү

**Ахмет Хикмет Эроглу** *

**которгон: Өскөнбай Зууридинов** **

**Аннотация**

Христианчылык, дүйнөдөгү эң чоң дин болуп саналат. Бөлүнүү жагынан алып караганда башка диндерден айырмаланып турат. Ар бир христиан чиркөөсү өзүн дин катары эсептейт. Бул макалада автор христиан чиркөөлөрүнүн пайда болуусун жана өз ара айырмачылыктарын анализдеген. Бул макалада узун убакытка созулган процесс кыскача түшүндүрүлгөн. Бул бизге христианчылыктын жалпы тарыхына үстүртөн көз жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***Ачкыч сөздөр:*** Христианчылык, Иисус, арианизм, несторианизм, монофизит, католик, ортодокс, протестант.

## General overview of the process of division of Christianity

**Annotation**

Christianity is the largest religion of the world. According to schism it differ from other religions. Each of Christian churches consider themselves as a religion. In this article, the author explained Christian churches comes to existence and their differences. This article give us the long processe of history as short. This give chance us to look on general history of christianity.

***Key words:*** Christianity, Jesus, arianism, nestorianism, monophysytysm, catholic, orthodoxy, protestant.

* Профессор, Анкара университети теология факультети.

** окутуучу, ОшМУ теология факультети.

**Киришүү**

Христианчылык тарапкеринин саны боюнча дүйнөдөгү эң чоң диндердин бири болуп эсептелет. Бул дин Палестина аймагында пайда болгон жана Иисус Христостун атына негизделген. Христиан деген аталыш Иисус Христос дүйнөдөн кеткенден кийин келип чыккан[1] жана б.з. 60-жылдарынан кийин кенен колдонула баштаган. Иисус Христостун жактоочулары алгач бир туугандар, сопулар жана ишенгендер деп аталган.[2] Христиан деген аталыш ушу күнгө чейин бир гана топту түшүндүрүп келген эмес. XVI кылымдан тарта христианчылык деген аталышка караганда православдык, католиктик жана протестанттык деген аттар көп колдонула баштаган. Ал аттар көбүнчө христиан агымдарын түшүндүрүү үчүн айтылган. Айрым убакта православ дини, католик дини жана протестант дини деп, агымдын аттары куду өз алдынча дин сыяктуу айтылып келген. Бул аттар өз алдынча диндерди түшүндүрүү үчүн колдонулуп, XX кылымдын орто ченине келгенде православ, католик, протестан деген аттар менен өзгөчөлөнгөн тарапкерлер бири-бирин динден чыккандык, адашкандык менен күнөөлөшкөндүктөн, натыйжада ар бири өзүнөн башкасын христиан эмес деп эсептей баштаган.

Учурда өздөрүн христианбыз деген көптөгөн жамааттар жашайт жана алар дүйнөнүн төрт тарабында тарапкер топтоо үчүн аракет кылышууда. Бирок, ал жамааттарды жакындан таануу үчүн алардын өтмүшү тууралуу маалыматка ээ жана пайда болуу себептерин билүү кажет. Биздин макалабыз учурда өздөрүн христианбыз деген жамааттардын бөлүнүп кетүүлөрүнө себеп болгон теологиялык талаштарын аныктоого, ошондой эле өтмүштөрүн билүүгө салым кошот. Макалабыздын

---

[1] Христиан деген сөз Библияда Иисустан кийинки окуяларды баяндаган Элчилердин иштери деген китепте айтылган. Караңыз: Элчилердин иштери XI/26.

[2] Voltaire. Felsefe Sözlüğü. (Çeviren Lütfü Ay). I т. – Istanbul, 1995. –456-б.

чеги католик, православ жана протестант жамааттардын тарыхта пайда болуу доорлорун камтыйт.

**А. Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнөн мурда христиандардын ортосундагы ажырымдар**

Иисус Христостун тарапкерлеринин ортосундагы алгачкы келишпестик иудейлердин шарыятын аткарып-аткарбоо маселесинде келип чыккан. Христианчылык алгачкы доордо синагогаларда, же тагыраак айтканда иудейлердин ибадатканалары аркылуу жайыла баштаган. Иерусалимде Иисус Христостун жолун жолдогондор иудейлердин шарыятынын негизинде жашашкан. Диаспорадагы иудейлер гректердин арасында азчылык катары жашагандыктан шарыятты бекем карманышкан эмес. Мына ушундай чөйрөдө өскөн Ыйык Павел грек маданияты менен суугарылып, диаспорадагы иудейлердин арасында Иисус Христостун жолун жолдогондордун эң көзгө көрүнүктүүсүнө айланган.[3]

Ыйык Павел алгач христиандарын аёосуз душманы болуп жүрүп, кийин апостолдорго кошулган жана иудейлердин шарыятын бутпарастарды христиандаштыруудагы эң чоң тоскоол катары эсептеген. Ал христиан болгондон кийин диндин эрежелерин орундатууга салыштырмалуу динди жаюу менен көбүрөөк алектенген жана миссионердик ишке киришкен. Ушундай максат менен алгачкы сапарын Антакьяга жасаган, андан кийин Анатолиядагы синагогаларда үгүт иштерин алып барган. Миссионердик иш-аракетинин басымдуу бөлүгүн бутпарастардын арасында жүргүзгөн. Бутпарастардын арасында христианчылыкты жайгандыктан Ыйык Павелге "иудей эместердин апостолу" деген ат ыйгарылган.[4]

---

[3] Claude Prudhomrnc. Histoirc des Chrctiens. – Paris, 1992. –20-б.

[4] Mehmet Aydın. Hristiyan Kaynaklarına Göre Hıristiyanlık. – Ankara: TDV Yayınları, 1995. – 19-б.

Ыйык Павел христианчылыктын бутпарастардын арасында жайылуусун тездетүү үчүн динге жаңы киргендер иудейлердин шарыятын аткарбай койсо болорун ойлоп, сүннөт болуу сыяктуу аларга оор келчү айрым диний эрежелерди болтурбай койгон.Ыйык Павел тарабынан берилген мындай жеңилдиктер жаңы христиан болгондордун иудейлердин шарыятын аткарып-аткарбоо же кайсы бирин канчалык деңгээлде аткарат деген талашка себеп болгон. Талашты чечүү максатында Павел Иерусалимге келген жана б.з. 49-50-жылдары "апостолдордун курултайы" деген ат менен белгилүү курултай өткөрүлгөн. Павел курултайда Анатолияда өзү христиандаштырган адамдардын абалын түшүндүрүп, христиандардын эсебин көбөйтүү үчүн динге кирүүчүлөргө жеңилдик берүү маселесин көтөргөн. Курултайда буттарга арнап союлган эт, кан, арам өлгөн малдын эти жана зынаага тыюу салынып, бутпарастардын арасынан жаңы христиан болгондорго мындан башка чектөө койбоо тууралуу чечим чыккан.[5] Курултайдан көп өтпөй Павелдин көз-карашын негиз алган христиандар көпчүлүктү түзүп калган. Алгачкы доордо күнүмдүк жашоодогу эрежелер тууралуу талаш болуп келсе, кийинчерээк Иисус Христостун табияты тууралуу талаштар пайда болгон жана анын аягы Иисусту кудайлаштырууга чейин созулган.[6]

Апостолдордун курултайынан соң эки түрдүү христиан жамаат пайда болгон. Биринчиси, Павелдин пикирлерин жактыргандар, экинчиси, иудей-христиандар. Бул маселени Павелдин галатиялыктарга жазган катында Петрга "сүннөттүүлөрдүн инжили", өзүнө "сүннөтсүздөрдүн инжили"

---

[5] Элчилердин иштери, XV/29; Караңыз: Ekrem Sankçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. – İstanbul,
1983. –217-218-бб.

[6] Günay Tümer. Abdurrahman Küçük. Dinler Tarihi. 3. Baskı. – Ankara: Ocak Yayınları,1997. –268-б.

берилгенин айтканынан да түшүнсөк болот.[7] II кылымдын ортолоруна чейин Павел тараптуу христиандар менен иудей-христиандардын ортосунда олуттуу тирешүү болуп келген.[8]

Жогоруда айтылгандай Павел христианчылыкты бутпарастардын арасында жаюуну көздөсө, башка апостолдор иудейлердин арасында жаюуга басым жасашкан. Экинчи топтогулар иудаизмдин кээ бир негиздерин, өзгөчө монотеизм ишенимин улантышкан.[9] Иисус Христостун "тоодогу насааты" деген ат менен белгилүү жана Матфей инжилинде сөз кылынган[10] жардылыкты негиз алгандыктан бул жамаат эбиониттер (кедейлер) деп аталган. Эбиониттер V кылымга чейин келишкен, андан кийин Павелдин пикирин жактагандар көпчүлүктү түзүп, христианчылык жаңы мазмунга ээ болгондон соң эбиониттерден сөз кылынбай калган.[11] Учурдагы христиандардын көпчүлүгү Павел негиздеген салтты карманышат.

Христианчылык II кылымдын аяк ченине карай Анатолиядан Римге чейинки аймакка жайылган. Христианчылык жайылган аймак дээрлик Рим империясына карап турган. Рим империясында христиандар өтө оор кыйынчылыктарга кабылышкан, бирок 313-жылы император Константин доорунда Милан буйругу чыккандан кийин дин тутуу эркиндигине ээ болушкан.[12] Константин ага чейин бутпарастардын императору болуп келсе, ал окуядан кийин христиандардын императоруна айланган. Константин мурда христиандарды басмырлап келсе, христиандарга эркиндик бергенден кийин бутпарастарды басмырлай баштаган.

---

[7] Галатиялыктарга кат II/7.

[8] Maurice Bucaille. Kitab-ı Mukaddes, Kur'an ve Bilim. (Çeviren Suat Yıldının). –82-б.

[9] Tümer-Küçük. Аталган эмгек. –268-б.

[10] Матфей V/1-11.

[11] Sarıkçıoğlu. Аталган эмгек. –219-228-бб; Tümer- Küçük. –314-315-бб.

[12] Paul Lemerle. Histoire de Byzance. – Paris: PUF, 1948. –18-б.

381-жылы Константинополь курултайында бекитилген христианчылыктын эң маанилүү үчилтик ишениминин негиздери Павел тарабынан баштатылган болчу. Бул ишенимге байланыштуу алгачкы доордо эле айтылган каршы пикирлер менен христиандардын өз-ара ички келишпестиктери IV кылымда Арий тарабынан кайрадан козголгон. Арий "Ата" же болбосо кудайдын чексиз жана төрөлбөгөнүн, ал эми "Уул" же Иисустун Ата тарабынан жаратылганын, натыйжада экөөнүн табияты бир эмес экенин айтып чыккан. Ал ушул пикири менен Иисусту кудай деген ишенимди четке каккан. Натыйжада Арийди Александриянын патриархы динден чыгарган жана бир синод аркылуу Арийге каршы айткан сөздөрүн расмийлештирген.[13]

Арианизмге тыюу салынганы менен ал империянын ичинде көйгөй бойдон кала берген. Ошондуктан император Константин христиандардын өз-ара келишпестиктерин чечүү үчүн б.з. 325-жылы Никеяда курултай өткөргөн. Бул курултай христианчылыктын тарыхында өтө чоң бурулуш болгон жана “Алгачкы жалпы курултай” деген атты алган. Никея курултайында өтө катуу талкуу жүргөн жана акырында Уулдун Ата менен табияты бир деген чечим чыккан. Анын натыйжасында Арий динден чыгарылган жана анын пикирлерине тыюу салынган.[14] Ага карабастан арианизм агымы IV кылымдын акырына чейин жашаган. Христианчылыктын алгачкы доорлорунда пикир келишпестиктердин айынан пайда болгон жана арианизм деп аталган бул агымдын учурда христианчылыктын бир бутагы болуп эсептелген жана

---

[13] Lemerle. Аталган эмгек. –19-б; Mehmet Aydın. "Batı ve Doğu Hıristiyanlığına Tarihi Bir Bakış" // AÜİFD.
XXVII т. – Ankara, 1985. –126-б.

[14] Mehmet Aydın. Müslümanların Hıristiyanlara Karşı Yazdığı Reddiyeler ve Tartışma Konuları. – Konya: S.O.
Yayınlan, 1989. –120-121-бб.

үчилтикти четке каккан унитарианизмдин түптөлүүсүнө салым кошкону айтылат.[15] Унитариандар учурда христиандардын биримдигин түптөө үчүн жүргүзүлгөн иш-чараларга үчилтиктен улам каршы чыгышат.

Арийден кийин христиандардын ортосундагы эң маанилүү ажырым Несторийдин "Иисус адам-кудай эмес, кудайды алып жүрүүчү" деген пикиринен кийин жүзөгө келген. Анын пикири боюнча Иисус адам катары төрөлүп, денесине логос (кудайдын сөзү) киргенден кийин кудай болгон. Ошондуктан Несторий "Иисустун энеси Марямды теотокос (кудайдын энеси) деп айтканга болбойт жана болгону христотокос (Иисустун энеси) деп айтууга болот" деген.[16] Несторийдин пикирлери Никея курултайынын чечимине дал келген эмес жана ошондой эле Иисустун кудайлыгына залакасын тийгизет деген таризде жоромолдонгон.

Ошол кездеги папа Александрия епископу Кириллди Несторийдин пикирлерине каршы иш алып баруусу үчүн милдеттендирген. Ал Несторийдин пикирлерине олуттуу түрдө каршы чыккан жана Несторийдин пикирлерин жокко чыгаруу үчүн далилдерин айткан. Бирок, папа аны таасирдүү деп эсептебей Римде синод өткөргөн жана Несторийди динден чыгарган. Несторий папанын чечиминен кийин деле пикирлерин жаюуну уланткан. Несторийдин пикирлерин биротоло токтотуу үчүн 431-жылы Александрия жана Рим епископторунун башчылыгында Эфесте курултай өткөрүлгөн. 3-жалпы курултай деп аталган Эфес курултайында Несторийдин

---

[15] İsmail Yılmaz. Üniteryanizm'in Doğuşu ve Bunu Etkileyen Dini Sebepler. M.Ü. Sosyal Bilimler Enstitüsü.

(Доктордук диссертация). – Istanbul, 1993. –38-42-бб; M. Ebu Zehra. Hıristiyanlık Üzerine Konferanslar. (Çev.

A. Nuri). – Istanbul, 1978. –228-238-бб.

[16] Aydın. Аталган эмгек. –122-123-бб; Felicien Challaye. Dinler Tarihi. (Çev. Semih Tiryakioğlu). II. Baskı. –

İstanbul: Varlık Yayınları, 1963. –206-б.

пикирлерине тыюу салынган жана Марямды теотокос, б.а. кудайдын энеси деп атоого чечим чыккан.[17] Несторианизм Византиянын басмырлоосунан улам жайылуу мүмкүнчүлүгүн жоготкондон кийин Иран аркылуу Орто Азияга чейин жетип келген.[18] Бирок, ислам Орто Азияда жайылгандан кийин несторианизм бул аймактан жоголуп кеткен. Учурда Иран жана Иракта аз санда несторианисттер жашайт.[19]

Иисустун кудайлык табиятын алсыздата турган өзгөчөлүктөгү Несторийдин пикирлерине чабуул катары Иисустун кудайлык табиятына ого бетер басым жасалган.[20] Евтехий жана Александрия епископу Кирилл өздөрүнүн пикирлерин курчутуп, Иисустун эки табияты төрөлгөндөн кийин жалгыз табиятка айланганын жана Иисустун кудайлык табияты адамдык табиятын ээритип, сиңирип алганын айтып чыгышкан.[21] Бул пикир Иисустун адамдык табияты бир тамчы уксустун деңизде жок болуп кетүүсү сымал сиңип кеткен дегенди түшүндүрөт.[22] Кирилл баштап, Евтехий системалаштырган бул пикирди жактагандар Иисусту жалгыз табияты болгонун кабыл кылышкандыктан "монофизит" (жалгыз табияттуу) деген ат алышкан.[23]

Император Маркион өз аймагында ишенимдеринин айырмачылыгынан улам пайда болгон талаштарга тынчы бузулуп, айырмачылыктарды жөнгө салуу максатында 451-

---

[17] Jean-Michel Bilioud. Histoire des Chretins d'Orient, Editions I'Hartmaııan. – Paris, 1995. – 49-50-бб; Mehmet
Aydın. Hıristiyan Genel Konsilleri ve II. Vatikan Konsili. – Konya, 1991. –17-б.

[18] Ünver Günay. Harun Güngör. Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dini Tarihi. – Ankara, 1997. –141-147-бб.

[19] G. Barker. O'nun İzinde. – İstanbul, 1985. –60-б.

[20] Ali İsra Güngör. Vatikan, Misyon ve Diyalog. – Ankara, 1997. –17-б.

[21] Georg Osırogorsky. Bizans Devleti Tarihi. Çev: Fikret Işıltan. – Ankara, 1991. –54-б.

[22] Mustafa Erdem. "Kıpti Kilisesi Üzerine Bir Araştırma" // AÜİFD. XXXVI т. – Ankara, 1997. –155-б.

[23] Barker. Аталган эмгек. –47-б.

жылы Халкидондо курултай өткөргөн. Христиандар тарабынан 4-жалпы курултай деген аталышка ээ болгон бул курултайда Иисустун кемчилдиксиз, бири-биринен ажырабай турган, бирок бири-бирине аралашпай турган эки табияты болгону бекитилген жана монофизит доктрина четке кагылган.[24] Мына ушундай жол менен император курултайдын демөөрчүсү катары чечимдерди көзөмөлдөгөн.

Халкидон курултайында монофизит көз-караш четке кагылгандан кийин Византиянын чыгыш аймагындагы элдин көпчүлүгү монофизит ишенимде болгондуктан, өзгөчө Сирия жана Египетте саясий көйгөйлөр башталган жана алардын борбордук башкаруудан алыстоосуна түрткү болгон. Монофизит ишенимдегилер Халкидон курултайында ишенимдери жокко чыгарылганына карабай пикирлерин өзгөртүшкөн эмес. Алардын диний нааразычылыктары саясий нааразычылыкка айланган жана Египет чиркөөсү грек тилин ибадаттан чыгарып, анын ордуна копти тилин киргизген. Ошондуктан мусулмандар Египетке келгенде ишеним айырмачылыктарынан улам диндештеринин басмырлоосунда жашап келген коптилер мусулмандарды куткаруучу катары көрүшкөн.[25]

Халкидон курултайынын чечимдерин империянын колдоосу менен мажбур түрдө кабыл алдыруу иши жүргүзүлгөндүктөн Александрия, Антакья жана Иерусалимде кагылышуулар башталган.[26] Египет менен Сирия Халкидон курултайында бекитилген догманы четке каккан жана диофизит Византия чиркөөсү менен монофизит Сирия чиркөөсүнүн бөлүнүү процесси официалдуу түрдө башталган.[27]

---

[24] Ostrogorsky. Аталган эмгек. –55-б.

[25] Erdem. Аталган макала. –158-б.

[26] A.Vasiliev. Bizans Imparatorluğu Tarihi. Çev: Arif Müfid Mansel. I т. – Ankara, 1943. –130-13 1-бб.

[27] Ostrogorsky. Аталган эмгек. –55-б.

Бул ажырым башка христиан элдерге да таасирин тийгизген. Ошондой эле Халкидон курултайына катыша албай калган армяндар курултайдын чечимдеринен кийин кабардар болушкан жана Византия империясы менен болгон саясий көйгөйлөрүнөн улам жаңы догманы кабыл алышкан эмес. Армяндар монофизит доктринаны жактырышкандыктан улуттук чиркөө түзүүгө камылга көрө башташкан.[28] Армяндардын көпчүлүгү учурда монофизит доктринаны карманышат.

Халкидон курултайынан кийин монофизит доктринасын жактырган чиркөөлөр негизги өзөктөн бөлүнүп, өз алдынча чиркөөлөргө айланышкан. Учурда монофизиттик агымды үч негизги чиркөөлөр түзөт. Алар: якубий (ассирий) чиркөөсү, копти чиркөөсү[29] жана армян чиркөөсү.[30]

### Б. Православ жана католик чиркөөлөрүнүн пайда болушу

Христианчылык Чыгыш жана Батышта тарыхий себептерден улам бири-биринен өзгөчөлөнгөн тартипте өнүгүү процессин баштан өткөргөн. Алгач христиандар Рим империясынын басмырлоосуна кабылып келсе, 313-жылы Милан буйругу чыккандан кийин дин тутуу эркиндигине жетишип, эркин жашоого өтүшкөн. Бир нече жылдан кийин христианчылык Рим империясынын расмий динине айланган. Анын натыйжасында императорлор диний иштерге, кала берсе теологиялык маселелерге кийлигише башташкан. Факт катары, 325-жылы арианизмге каршы Никеядагы курултайдын өтүүсүнө император Константин буйрук берген.[31] Византия императорлорунун түшүнүгү боюнча догмалар тагдырына башкаруучулук жазылган император тарабынан аныкталчу

[28] Tümer-Küçük. –307-б.

[29] Караңыз: Erdem. Аталган макала.

[30] Караңыз: Abdurrahman Küçük. Ermeni Kilisesi ve Türkler. – Ankara, 1997.

[31] Vasiliev. –66-67-бб.

жана аны элге кабыл алдыруучу милдеттүү бир мамлекеттик дин болчу. Туура ишеним жана бузукулукту акыктоодо динчелик саясаттын да орду болушу мүмкүн. Тарыхчылар христианчылыктын мына ушундай жол менен түзүлүшүн жана чиркөө-мамлекет байланышынын мына ушундай түрдө ишке ашуусун "цезаропапизм" деп аташкан.[32]

Чыгышта христианчылык Византиянын көзөмөлүндө мамлекеттик динге айланган кезде, Батышта папалар басымдуулук кылган дин түшүнүгү калыптана баштаган. Анын натыйжасы катары, өз доорундагы Батыштын эң мартабалуу дин кызматкерлеринен бири болгон Милан епископу Амвросий руханий бийликтин физикалык бийликке көз-карандысыздыгын жарыя кылган.[33]

Константинополь шаары император Константиндин доорунда Чыгыш Рим империясынын борборуна айланган. Ошондуктан Константинополь "Жаңы Рим" деп атала баштаган. 381-жылы император Феодосий I өлкөдөгү диний көйгөйдү чечүү максатында курултай өткөргөн жана анда жаңы борбор Константинополдун патриархынын статусун белгилеген. Анын ою боюнча, Константинополь "Жаңы Рим" болгонуна караганда патриархка да жаңы статус ыйгарылышы керек жана ал Рим епископунан кийинки орунда турушу керек эле.[34]

Жаңы түзүлүштөрдүн алкагында, Константинополь патриархынын Рим епископуна салыштырмалуу статусу Халкидон курултайында бекитилген. Бул меселе курултайдын 28-пунктунда каралган жана папага канчалык биринчи орун берилбесин, ошол эле убакта "Жаңы Рим" менен "Эски Рим" епископторунун өкүм берүү өзгөчөлүгү теңдештирилген.[35] 28-

---

[32] Lcmerle. –38-б; Auguste Bailly. Bizans Tarihi. Çev: Haluk Şahin. I т. – İstanbul, жылы жок. –93-б.

[33] Lemerle. –34-б.

[34] Lcmerle. –37-б.

[35] Ostrogorsky. –55-б.

пунктта Константинополь патриархатына Римдеги папанын бийлигинин варианты катары Анатолия жана Тракьядагы айрым аймактардын попторун дайындоо мүмкүнчүлүгү берилген жана сырттан караганда эки тараптын статусу теңдештирилген.[36] Папанын делегациясы бул чечимге баш оттору менен каршы чыгышканына карабастан ийгиликтүү боло алышкан эмес. Халкидондо бекитилген бул чечим эки чиркөөнүн ортосундагы жек көрүүнүн башатына айланып, кылымдар бою душмандык катары уланып келген.[37]

Халкидон курултайынын 28-пункту Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнүн ортосунда кылымдар бою талаш маселе болуп келген. Чыгыш менен Батыш чиркөөлөрүнүн бөлүнүп кетүүсүнүн мындан башка себептери да болгон. Алардын бирин Батышта папа Григорий VII ишке ашырган реформа түзгөн. Биринчи ажырым Чыгыш чиркөөсүнүн структурасы боюнча ишке ашкан, анын натыйжасы бүтүндөй христиандар үчүн маанилүү болуп эсептелген. Папа Григорий VIIнин реформасы Батыш чиркөөсүнүн структурасы боюнча болгон, анын натыйжасы бүтүндөй христиандарда таасир ойготкон. Григорий VIIнин реформасы менен папалык статус монархиялык башкарууга айланган жана папа бүтүндөй христиандардын үстүнөн руханий эле эмес, физикалык үстөмдүккө жетүүнү эңсеген.[38] Папалыктын бийликти толук түрдө колго алуу аракети Чыгыштагы Антакья, Александрия, Иерусалим патриархтарынын бийлигин кыскартуу дегенди түшүндүргөн жана алардын Рим менен болгон мамилелеринин начарлоосуна алып келген. Кала берсе папа 800-жылы Улуу Карлга тажы кийгизип, аны Ыйык Рим империясынын ээси деп

[36] Аталган эмгек. –131-б.

[37] Voltaire. Аталган эмгек. –456-б.

[38] Olivier Clement. “Ortodoksluk Mezhebi”. // Din Fenomeni. (Çeviren Mehmet Aydın). – Konya,1992. –204-б.

жарыя кылган.[39] Мына ошентип, Византиянын императору Константинополь патриархын колдоп, Рим епископу менен тең даражага алып келген ишине каршы папа Улуу Карлга тажы кийгизип, аны Византиянын императорунун даражасына көтөргөн.

Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнүн бөлүнүү себептеринин бир факторун тил өзгөчөлүгү пайда кылган. Чыгыш чиркөөлөрүндө грекче, Батыш чиркөөлөрүндө латынча колдонулуп, эки тарап бири-бирин жетиштүү деңгээлде түшүнө алган эмес. Курултайларда тил айырмачылыгынан улам түшүнбөстүктөр келип чыккан.[40] Тил айырмачылыгынан улам өзгөчө ишеним маселесинде эки тарап бири-бирин туура эмес түшүнүп, биригүү мүмкүнчүлүгү азайып кеткен. Туура эмес түшүнүүлөр кээде өтө чоң келишпестиктерди пайда кылган.

Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүндө теологиялык маселелерде бөлүнүүгө удаалаш диний практикада да айырмачылыктар келип чыккан. Чыгыш чиркөөсүндө попторго үйлөнүүгө уруксат берилген, Батыш чиркөөсүндө такыр тыюу салынган. Евхаристия жөрөлгөсүндө Батыш чиркөөсү ачыткысыз нан колдонсо, Чыгыш чиркөөсү ачыткылуу нан колдонгон. Эки тараптын айырмачылыгы дин кызматкерлеринин сырткы көрүнүшүнөн да байкалат. Чыгыш чиркөөсүндө поптор сакал өстүрсө, Батыш чиркөөсүндө сакалдарын алышкан.[41]

Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүн бөлүп жарууга алып барган эң маанилүү себеп Батыш чиркөөсүнүн "жана Уул" маанисине келген латынча "филиокве" сөзүн ишеним

[39] Bailly. Аталган эмгек. –181-182-бб; Barker. –75-б; Pauparde. Le Papa. – Paris: PUF, 1980. – 19-б.

[40] Martin Jugie. Le Schisme Byzantin. – Paris, 1941. –39-42-бб.

[41] Elisabeth Behr-Siegel. "Le Schisme du 1054, Origines, Consequences, Perspectives Nouvelles" // Supplement au
S.O.P. Mart 1984. № 86. –2-б.

негиздерине кошуусу болгон. Никея курултайында тастыкталган кредодо Иоанн евангелиясында "Атадан чыккан акыйкат руху"[42] сөзүнүн негизинде Ыйык Рух бир гана Атадан чыгат деген чечим бекитилген эле.

Никея курултайында бекитилген кредого VII жана VIII кылымдарда Испанияда "филиокве" сөзү кошумчаланып, Ыйык Рухтун Атадан жана Уулдан чыгаары белгилеген. Испаниядадагы бул окуяга жергиликтүү кооптонуулар түрткү болгон. Аймакта монотеист кудай ишенимин карманган иудейлерден кийин абсолюттук түрдө жалгыз кудайга ишенген мусулмандар пайда болгон жана буга кудай ишенимдери көйгөйлүү маселе болуп турган христиандардын тынчы бузулган. Ошол кезде Иисус Христостун кудайлык өзгөчөлүгүн кабыл албаган арианисттердин ишенимдерине каршы ички маселе катары "филиокве" сөзү кредого тиркелген.[43]

Батыш чиркөөсү Испанияда жергиликтүү маселеден улам кредого кошумчаланган "филиокве" сөзүн император Генрий IIнин басмырлоосу менен жекшемби күнкү ибадатта окулуучу дубага коштурган. 1014-жылы папа Бенедикт VIII "Ыйык Рухтун Атадан жана Уулдан чыгаарын", б.а. "филиокве" сөзүн кредого киргизүүгө макул болгон.[44] Батыш чиркөөсү "филиокве" сөзүн кредого тиркегенде Чыгыш чиркөөсү ага каршы чыккан. Муну, өзүн Уулдун өкүлү катары көргөн Батыш чиркөөсүнө баш ийбөө аракети катары жоромолдогондор да болгон.[45]

Жогорудагы диний, салттык жана саясий келишпестиктердин айынан Константинополь менен Рим чиркөөлөрүнүн мамилеси көп убакыт үзгүлтүккө учурап

---

[42] Иоанн XV/26.

[43] Behr-Siege. Аталган макала. –5-б.

[44] Martin Vincent. "Aspect Theologique du Filioque". // İrenikon. LXII т. – Belgique, 1989. –36-б.

[45] Albcrt M. Bernard. "Katolik Mezhebi". // Din Fenomeni. (Çeviren Mehmet Aydın). – Konya, 1992. –174-б.

турган. Ал доордо христиандарды диний көйгөй менен бирге саясий көйгөй да алек кыла баштаган. Көп өлчөмдө грек мигранттар жашаган Сицилияны норманддар басып алганда Батыш менен Чыгыш чиркөөлөрү орток кызыкчылыктан улам жакындашууга аргасыз болгон. Бул маселени шылтоо кылып, Константинополь менен мамилени оңдоо максатында Рим тарабынан диний жана саясий келишпестиктерди чече турган бир делегация жиберилген. Эки тарап тең кызыктар болгон көйгөйдү чечүү үчүн келген делегация ошол эле убакта диний айырмачылыктарды да бир жактуу кылууну эңсеген.[46]

Папа 9-Лео тарабынан 1054-жылы Константинополго жиберилген кардинал Умберто башчылыгындагы делегацияны Константинополь патриархы кабыл алган. Бирок, Умберто орток чечим жана эки тараптуу келишүүгө камылга көрүүнү унутуп, патриархтын алдында протокол эрежелерин бузуп, ага буйрук сөздөр менен кайрылган. Ошондуктан патриарх аны кайра көрбөгүдөй болгон. Умберто патриархка кайра жолуга албай, 1054-жылы 15-июнда патриарх жана башка даражалууларды динден чыгарган кагазды Ыйык Софиянын дубалына илип, Константинополдон кетип калган.[47] Андан кийин Константинополь патриархы бир синод өткөрүп, Рим чиркөөсүн динден чыгарган. Мына ошентип, эки чиркөөнүн келишпестиги бири-бирин динден чыгарууга чейин барган.[48]

1054-жылы бири-бирин динден чыгаруу Рим жана Константинополь чикрөөлөрү ортосунда жүргөн жана башка Чыгыштагы чиркөөлөр бул маселе менен түздөн-түз алектенишкен эмес. Бирок, исламдын жайылуусун алдын алуу максатында Анатолия жана Жакынкы Чыгышка жасалган крестүүлөрдүн жортуулу убагында Иерусалим менен Антакьяда

---

[46] Behr-Siegel. –1-2-бб.

[47] Martin Jugie. –208-210-бб.

[48] Aydın. Hıristiyanlık. –26-б.

латын чикрөөсү ачылган. Бул болсо ал аймактагы апостолдор тарабынан түптөлгөн делген чиркөөлөрдүн наразычылыгын туудурган. Мунун натыйжасында Чыгыш чиркөөлөрү Рим менен мамилелерин биролото үзүшкөн.[49]

Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрү бири-бирин динден чыгаргандан кийин деле эки тараптан тең элдешүү үчүн кадамдар жасалган. Бирок, белгилеп өтүү керек, бөлүнгөндөн кийин элдештирүүгө жасалган кадамдар көйгөйдү чечүүнүн ордуна ажырымды ого бетер тереңдеткен. Өзгөчө 4-крестүүлөр жортуулу чоң ажырымды пайда кылган.

1204-жылы Египетке карай жолго чыккан крестүүлөр пикирин өзгөртүп, Константинополго багыт алышкан жана ал жактагы христиандарга ишенимдеги айырмачылыктарынан улам өтө чоң зулумдук көрсөтүшкөн. Крестүүлөр Консатантинополдогу ыйык жерлерди кордоп, иконаларды сындырып, дин кызматкерлерин дарга асып, чыгыштык христиандар үчүн ыйык деп эсептелген адамдардын мазарларын тоношкон. Аны менен токтолбостон, Константинополдо бир латын чиркөөсү ачылган жана элди мажбур түрдө латындаштыруу аракети жүргүзүлгөн.[50]

1071-жылы түрктөр Анатолияга келе баштагандан кийин Византия айласыз абалга кабылып, эл жана дин кызматкерлеринин каршы чыгуусуна карабастан түрктөргө каршы Батыштын колдоосун алуу үчүн Рим чиркөөсүнүн шарттарын аткарууга мажбур болгон. Анын натыйжасында 1271-жылы өткөн Лион курултайында мамилелер жанданып, 1431-1486-жылдар аралыгында өткөн Ферраро-Флорентий курултайында Батыш чиркөөсүнүн көрсөтмөсүнө император менен патриарх баш ийген. Бул курултайда араф менен евхаристия маселесинде бир пикирге келишип, Рим

[49] Behr-Siegel. – 2-б; Караңыз:  Clement. Аталган макала. –205-б.
[50] Clement. –205-б.

чиркөөсүнүн епископу Петрдун орун басары, Иисустун чыныгы өкүлү катары универал чиркөөнү башкарууга акылуу деген чечим кабыл алынган. Бирок, Византия эли менен дин кызматкерлеринин көпчүлүгү бул келишимге каршы чыгышкан. Византиялыктар алгач батыштык христиандардан жардам алууну каалап, бирок түрктөрдү жакындан тааныгандан кийин жана ошондой эле римдиктердин крестүүлөр жоортуулу аркылуу Константинополдо кандай иштерди кылышканын эске алып, "Консатантинополдо латындын баш кийимин көргүчөктү түрктөрдүн селдесине макулбуз" деген сөздөрү менен нааразычылыктарын билдиришкен.[51] 1453-жылы Византия түрктөр тарабынан басып алынгандан кийин христиандардын биримдик түзүү аракеттери жокко чыгат жана монофизиттерден кийин православ жана католик деген эки чоң агым пайда болот.

В. Протестанттардын пайда болушу

Чыгыш менен Батыш чиркөөлөрү православ жана католик деген аталышта экиге бөлүнгөндөн кийин Рим чиркөөсү өзүнүн тарапкерлерин көбөйтүүгө аракет кылган.Анын натыйжасы нааразычылыктарды туудурган. Бул доордо католик чиркөөсү өзү бекиткен кредого төп келбеген пикир айткандарды динден чыгарган, кала берсе илимий көз-караштарды динден чыккандык катары баалаган. Аны менен чектелип калбастан, католиктик ишенимге терс келген ар кандай пикир жана ишенимдин артынан сая түшүп, аларды жазаландыруу үчүн инквизиция сотторун түзгөн. XV кылымда Константинополь мусулмандардын колуна өткөндөн кийин исламдын илим жана билимдүүлөргө берген мааниси христиандарды суктандырган жана аларды жаңы изденүүлөргө түрткөн. Ошол эле доордун

[51] Dom Pierre Dumant. "Byzance apres Byzance: 1453-1953" // lrenikon. XXVI т. – Belgique, 1953. –162-б; Siegel.
–3-б; Clement. –205-б.

аяк чeнинде географиялык ачылыштар менен котормо иштери грек-рим искусствосунун кайрадан жандануусуна өбөлгө түзгөн жана ренессансты пайда кылган. Ренессанстан кийин христиандардын арасында динди реформалоо зарыл деген пикир жайылган. Анын таасири катары XVI кылымда реформа кыймылы башталып, андан кийин протестант чиркөөлөрү пайда болгон.

Протестант деген сөз алгачкы жолу 1529-жылы колдонулган. Ошол жылы Шпайерде чакырылган жыйналышта азчылыктардын диний абалдары көпчүлүктүн чечими менен бекитилсин деген сөз айтылганда Лютердин тарапкерлери каршы (протест) чыгышкан. Ал окуядан кийин реформисттерге "протестант" деген ат берилген.[52]

Реформа кыймылы XVI кылымдын баштарында башталганы менен анын белгилери андан мурда байкалган. Бир нече адам же топ Лютерден мурда эле анын пикирине окшош пикирлерди айтып чыгышкан. Бирок, католик чиркөөсүнүн көзөмөлүнөн улам максаттарына жетпей калышкан. Мисалы, XII кылымда Франциянын түштүк тарабында папалыктын пикирин кабыл албаган жана альбигойлор деп аталган бир жамаат пайда болгон. 1209-жылы папа Иннокентий III аларга каршы крестүүлөр жортуулун уюштурган. Алардын миңдеген адамы өрттөлүп же кылыч менен чабылып өлтүрүлгөн.[53]

Папалыктын таңуулаган кредосуна лиондук Пьер Вальдо наараазы болуп чыккан. Ал 1175-жылы бүтүндөй мүлкүн кайрымдуулук фонддорго багыштап, өзүн динге арнаган жана жардылыкты негиз алган диний жашоо стилин иштеп чыккан. Анын пикирин жактырган адамдар айланасына чогулган. Ал папанын жана кечилдердин колдонгон укуктарына акылары

[52] Jean Boisset. Histoire du Protestantisme. – Paris: PUF, 1970. –11-б; Roger Mehl. La Theologie Protestante. –
Paris: PUF, 1967. –249-б; Aydın. Hıristiyanlık. –129-130-бб.

[53] Barker. –98-б.

жоктугун айткан. Арафка ишенбегенин жана христиандардын эң маанилүү жөрөлгөсү болуп эсептелген евхаристиядагы нан менен шараптын Иисус Христостун чыныгы эти менен канына айланбаганын, алардын болгону символ экенин айтып чыккан. Анын мындай пикирлери папанын ачуусун келтирген. 1488-жылы Вальдонун пикирлерин уланткан христиандарга каршы крестүүлөр жортуулу уюштурулган. Бирок, алар жашаган аймак тоолуу болгондуктан толук түрдө жок кылууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. XVI кылымда протестант кыймылы пайда болгондо алардын көпчүлүгү пикирлеринин окшоштугунан улам протестанттарга кошулуп кетишкен.[54]

Папалык белгилеген кредого каршы Англияда да наразычылыктар башталган. Джон Уиклиф католик болгонуна карабастан кечилдер колдонгон укук тууралуу Библияда бир да сөз кылынбаганын айтып чыккан. Ошондой эле чиркөөнүн жаңылбастык өзгөчөлүгүн, күнөө чыгарууну, ыйык буюмдарга табынууну чаңган.[55] Ушул мисалдар Лютерден мурда эле протестанттардын ишенимерине окшош пикирлердин христиандардын арасында болгонун түшүндүрөт.

Папалык өз ичинде да көйгөй менен алек болгон. 1378-1415-жылдар аралыгында бир учурда Авиньондо жана Римде эки папа болуп, бири-бирин динден чыгарган.[56] Кала берсе, айрым папалардын аброюнун төмөндүгү эл арасында папалыкка болгон ишенбөөчүлүктү туудурган.

Католик чиркөөсүн күнөөнүн жазасын белгилүү жөрөлгө же акчалай төлөмдөр менен кечиктирип бергендей, чиркөөгө акчалай жардам көрсөтүү максатында индульгенция сатып алып, күнөөдөн кутулууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Папа Сикст IV болсо 1476-жылы арафтагы рухтар үчүн индульгенцияны сатып

[54] Barker. –100-б.

[55] Barker. –101-102-б.

[56] Paul Pauparde. Le Papa. – Paris: PUF, 1980. –23-26-бб; Barot. –16-б; Barker. –93-94-бб.

алууга болорун жар салган. Анын натыйжасында адамдарга дүйнөдөн өткөн жакындарынан арафта калгандарды индульгенция сатып алып куткарып алууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.[57] Бара-бара индульгенция диний жөрөлгөнү артта калтырып, чиркөө үчүн киреше булагына айланган. Папа Лев X Римде курула баштаган Ыйык Петр Соборун (кафедра) аягына чыгаруу үчүн акчалай каражат чогултуусу керек болгон жана индульгенция сатуунунун жолдорун иштеп чыккан. Индульгенцияны сатуу ишин Германияда Иоганн Тецель аттуу кечил жүргүзгөн жана ал индульгенцияны элди тоноого айландырып жиберген. Тецель адамдар сатып алган индульгенция өлгөн жакындарын сөзсүз куткарарын айткан.[58] Кала берсе, "акчаңар чиркөөнүн кутусунда жаңырган кезде өлгөн жакындарыңардын рухтары азаптан куткарылып, бейишке көздөй жол алат" деген сөздөрдү айтканга чейин барган.[59]

Папалыктын бул ишине элдин нааразычылыгынын корутундусу катары немец теолог Мартин Лютер 1517-жылы 95 пункттан турган тезисин Виттенберг сарайындагы чиркөөнүн эшигине илген.[60] Лютер элдин индульгенцияга алданганын, алардын жасалма тообого чакырылганын түшүндүргөн. Аны менен бирге папанын күнөөлөрдү кечирүүгө укугу жоктугун, күнөөлөрдү кечирүү Иисус Христоско таандык экенин, адамдарды кайрымдуулук иштери эмес, Иисуска болгон ишенүүлөрү куткарарын айткан.[61] Ошондой эле ибадатта латын тилин колдонууга жана Библияны бир гана чиркөөнүн чечмелөөсүнө каршы чыккан. Ал Библияны немец тилине которгон.

[57] Richard Stauffer. Reform. Çev: Cem Muhtaroğlu. – İstanbul, 1993. –19-б.
[58] Stauffer. Аталган эмгек. –17-19; Barker. –112-б.
[59] Boisset. –16-б; Barker. –112-б.
[60] Georgies Gasalis. Luther et l'Eglise Confessante. – Bourges, 1966. –69-б; Mehl. –247-б.
[61] Gasalis. –69-74-бб; Stauffer. –20-23-бб.

Папалык алгач Лютердин аракетин этибарга алган эмес. Лютердин пикирлерин эл жактырып, тарапкери көбөйө баштаган кезде папа аны пикирлеринен кайтаруу үчүн болушунча аракет жасаган. Лютер пикиринен кайтпай, тарапкерлери да көбөйө баштаган. Ошондо папалык аны жана жактоочуларын 1521-жылдын 3-январында динден чыгарган.[62]

Лютердин жаңы бир агымды негиздөө максаты болгон эмес. Ал болгону чиркөөнүн ичинен жаңылануусун каалаган. Бирок папалык ага такыр макулдук көрсөтпөгөндөн кийин Лютердин кыймылынын өзүнчө агымга айланып кетүүсүнө өбөлгө түзүлгөн. Кыска убакыттын ичинде Германиянын көпчүлүк бөлүмү жана Искандинавия өлкөлөрүнүн дээрлик бардыгы лютерианизм деп аталган агымдын тарапкерине айланышкан.

Европадагы өзгөрүүлөр католик чиркөөсүнө түздөн-түз таасирин тийгизген. Папалык реформисттердин пикирлерине кошулгандарды кайтаруу үчүн 1545-жылы Трентодо курултай өткөргөн жана ал 1563-жылга чейин созулган. Курултайда католик чиркөөсүнүн кредо жана кудайдын ырайымы тууралуу чечими такталып, бекитилген. Бул курултай реформа кыймылына каршы өткөрүлгөндүктөн "реформага каршы курултай" деген атты алган.[63]

Лютердин жүргүзгөн реформасы Европанын бир канча аймагында жаңы реформисттердин чыгуусуна себеп болгон. 1524-жылы Францияда Жан Кальвин, Швейцарияда Ульрих Цвингли өздөрүнө таандык реформа кыймылын жүргүзүшкөн.[64] Ульрих Цвингли реформа кыймылын Мартин Лютерден көз-карандысыз жүргүзгөн. Ал папанын армиясында элдин акчага кызмат кылуусуна жана индульгенцияга баш оту менен каршы

[62] Stauffer. –29-б; Mehl. –249-б.

[63] Güngör. –27-б.

[64] Aydın. Hıristiyanlık. –133-б.

чыккан. Акырында Рим чиркөөсүнөн бөлүнүп, 1522-жылы Цюрихте көз-карандысыз бир жамаат түптөгөн.[65]

Франциядагы реформист Жан Кальвин башка реформисттерден айырмаланып турган. Ал чиркөөнү кечил жана лаиктерден (жамааттын мүчөлөрү) турган комиссия башкарсын деген. Чиркөөнү башкаруучу топко лаиктерди кошкону менен ал деле башка пикирдегилерге ырайым кылган эмес. Кальвин Женевада өзүнүн оюндагыдай теократиялык шаар-өлкө негиздеген жана башка пикирдегилерди шаардан куугунтуктаган. Мисалы; 1553-жылы үчилтик догмасын таңган Мигель Сервет аттуу окумуштууну тирүүлөй өрттөгөн.

Жан Кальвин тагдыр тууралуу өзгөчө пикирде болгон. Ал адамдын кутулууга жетүүсү кудайдын эркине таандык деп ишенген. Ошондой эле кудай адамдарды жаратпастан туруп алардын тагдырын белгилеген жана адамдардын айрымдарын кутулуу үчүн, айрымдарын тозокто азап тартуу үчүн жаратканын айткан.[66] Жан Кальвин жүргүзгөн реформа кыймылы Швейцарияда, Францияда, Венгрияда жана Голландияда тарапкер топтогон.[67]

Англияда папалык менен королдуктун ортосундагы келишпестиктен улам ажырым пайда болуп, ал реформа кыймылына айланып кеткен. Католик король Генрий VIII саясий максатта үйлөнгөн агасынын тул аялы Катерина менен ажырашууну каалаган. Бирок, папалык мурда айрым учурларда ажырашууга уруксат берип келгени менен 1530-жылы король Генрий VIIIге уруксат бербей койгон. Ошондон кийин Генрий VIII өзүн Англия чиркөөсүнүн жападан-жалгыз өкүмдары катары жарыя кылып, 1532-жылы папалыкка берилчү жылдык салыктан баш тарткан. Бул процесс токтоп калбастан, 1549-

[65] Barker. –117- 118-бб.

[66] Boisset. –57-58-бб; Barker. –120-121-бб.

[67] Barot. –17-18-бб.

жылы Англия чиркөөсүнүн ишеним негиздерин камтыган "Дуба китеби" аттуу китеп негизги ишеним булагы катары бекитилип, реформа ишке ашкан. Бул китепте католик чиркөөсүнүн ишеним негиздерин ачык түрдө четке какпастан туруп реформисттик пикирлерге орун берип, эки тараптын орток жолун иштеп чыгышкан.[68] Натыйжада, практикада католиктик, ишенимде протестанттык эрежелерди карманган “Англикан чиркөөсү” деген жаңы агым түптөлгөн.

Протестанттар негизги маселелерде орток пикирге ээ болушканы менен өз-ара орток ишеним негиздерин иштеп чыга алышкан эмес. Ал тургай, алгач башка ишеним жана пикирди карманышкандыктан католик чиркөөсүнүн кыйноосуна кабылышып, ага наразы болуп келишсе, эми протестанттык чиркөөлөр бири-бирине карата ушунчалык аёосуз мамилеге барышкан. 1520-жылдан мурда пайда болгон жана бөбөктөрдүн чөмүлдүрүлүүсүн кабыл кылбаган анабаптисттердин бир бөлүгү башка протестанттар тарабынан сууда тумчуктурулуп өлтүрүлгөн.[69]

XVI кылымдын акырында протестанттар майда топторго бөлүнө башташкан. Ал доордо Англияда англикан чиркөөсүнөн бөлүнгөн жамааттар тарабынан "конгрегационалист чиркөөлөр" түзүлгөн. Бул чиркөөлөр өзгөчө жергиликтүү чиркөөлөрдүн өз алдынчалыгына басым жасашкан. АКШга алгачкылардан болуп көчүп барган христиандар конгрегационалисттер болгон.[70]

XVII кылымда бөбөктөрдүн чөмүлдүрүлүүсүнө каршы чыккан жана чөмүлдүрүүнүн денени сууга толук түрдө чуңгуп аткарылуусун жактаган баптисттер агымы пайда болгон. 1611-жылы Лондондон көптөгөн адамдар Голландияга келген жана

[68] Stauffer. –105-107-бб.

[69] Barker. –123-б.

[70] Barot. –18-б.

Томас Хелвистин башчылыгында бир топ түзүлүп, алар англикан чиркөөсүнөн бөлүнүшкөн. Ошондуктан аларга бийликтегилер аябагандай кысым көрсөтүшкөн. Алардын бир тобу Англияда калып, бир тобу АКШга көчүп кеткен. Учурда баптисттер АКШда таасирдүү күчкө ээлик кылышат.[71]

Христиандардын ичиндеги бөлүнүүлөр XVIII кылымда да болуп турган. XVIII кылымдын ортолорунда Англияда Жон Веслей жаңы бир кыймылды түптөгөн. Ал жекече такыбаалыкка маани берип, руханий жашоонун бир методун иштеп чыккан. Өзүнүн пикирлерин жаюу үчүн саякатка чыгып, ачык асман астында жыйындарды өткөргөн жана эмоциялдуу кайрылууларды жасаган. Анын аракетинин натыйжасында англикан чиркөөсүнөн бөлүнгөндөр биригип, жаңы агымды түзүшкөн. Жон Веслейдин методуна басым жасаган бул агым методизм деп аталган. Учурда методизм АКШда таасирдүү болуп саналат.[72]

Христиандардын ичиндеги бөлүнүү процесси 1650-жылы кувейкырларды, 1830-жылы мормондорду жана 1831-жылы адвентисттерди пайда кылган. Учурда да кандайдыр бир агым же мистикалык топтор түрүндө бөлүнүүлөр уланууда.

## Корутунду

Бул макалада протестанттарга чейинки христиандардын ичиндеги бөлүнүү процессинен сөз кылган кезде бөлүнүүнүн үч түрдүү себеби көңүлүбүздү бурду. Биринчиси, үчилтикке байланыштуу, өзгөчө Иисус тууралуу жүргөн талаштар болду. Арианисттер, несторианисттер жана монофизиттердин пайда болуусуна үчилтик догмасынын түптөлүү процессиндеги талаштар себеп болду. Чыгыш жана Батыш чиркөөлөрүнүн

[71] Barker. –165-166-бб; Boisset. –87-88-бб; Claude- Jean Bertrand. Les Eglises aux Etats-Unis. – France: PUF, 1975. –77-79-бб.

[72] Boisset. –91-93-бб; Barot. –18-19-бб; Barker. –180-183-бб.

бөлүнүүдөгү эң башкы себептеринин бирин үчилтик догмасына филиокве сөзүнүн кошумчалануусу түздү. Үчилтик догмасынын чар-жайыттуулугу жана акылга сыйбагандыгы тарыхий процессте христиандардын бөлүнүүлөрүнө эң чоң таасирин тийгизип келди. Учурда бул маселе боюнча талаштар дагы деле уланууда жана үчилтикти кабыл албаган христиан агымдар бар.

Христиандардын ичиндеги экинчи чоң бөлүнүүнүн себеби протестанттардын пайда болуусунда эбегейсиз рол ойногонун көрсөк болот. Алгачкы бөлүнүүлөрдө ишеним маселелери басымдуулук кылган болсо, протестанттардын пайда болуусунда күнүмдүк практикадагы маселелер басымдуулук кылды. Күнөөлөрдүн кечирилүүсү, чиркөөнүн башкаруу структурасы, чиркөөдөгү кечилдер катмары жана бул таптын адамдардын кутулууга таасирин тийгизип-тийгизбегени тууралуу маселелер камтылган. Лютер да, Цвингли да, Кальвин да чиркөө жана өкүлдөрүнүн адамдын кутулуусуна таасир тийгизип-тийгизбегендик маселесине басым жасашкан. Учурда бул агымдардын ортосунда талаш уланууда жана жаңы теориялар айтылууда. Талаштан улам алардын ичинен жаңы агымдар бөлүнүп чыгууда.

Христиандардын бөлүнүү себептеринин эң олуттуусун Библияда ишенимге байланыштуу жабык түшүндүрмөлөрдүн орун алуусу жана ачык түрдө ишеним негиздеринин болбогону пайда кылган. Анын үстүнө христиандардын ыйык китептери Иисустан кийинки эле доордо тарапкерлеринин ортосунда күнүмдүк жашоого байланыштуу талаштардын болгонун кабар берет. Макалабыздын башында иудейлердин шарыятын аткарып-аткарбоо тууралуу сөз кылган түшүндүрмөбүз мунун ачык мисалы болуп эсептелет.

**Колдонулган адабияттар**

1. A.Vasiliev. Bizans Imparatorluğu Tarihi. Çev: Arif Müfid Mansel. I т. – Ankara, 1943.
2. Abdurrahman Küçük. Ermeni Kilisesi ve Türkler. – Ankara, 1997.
3. Albert M. Bernard. "Katolik Mezhebi". // Din Fenomeni. (Çeviren Mehmet Aydın). – Konya, 1992.
4. Ali İsra Güngör. Vatikan, Misyon ve Diyalog. – Ankara, 1997.
5. Auguste Bailly. Bizans Tarihi. Çev: Haluk Şahin. I т. – İstanbul, жылы жок.
6. Claude- Jean Bertrand. Les Eglises aux Etats-Unis. – France: PUF, 1975.
7. Claude Prudhomrnc. Histoirc des Chrctiens. – Paris, 1992.
8. Dom Pierre Dumant. "Byzance apres Byzance: 1453-1953" // lrenikon. XXVI т. – Belgique, 1953.
9. Ekrem Sankçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. – İstanbul, 1983.
10. Elisabeth Behr-Siegel. "Le Schisme du 1054, Origines, Consequences, Perspectives Nouvelles" // Supplement au S.O.P. Mart 1984. № 86.
11. Felicien Challaye. Dinler Tarihi. (Çev. Semih Tiryakioğlu). II. Baskı. – İstanbul: Varlık Yayınları, 1963. –206-б.
12. G. Barker. O'nun İzinde. – İstanbul, 1985.
13. Georg Osırogorsky. Bizans Devleti Tarihi. Çev: Fikret Işıltan. – Ankara, 1991.
14. Georgies Gasalis. Luther et l'Eglise Confessante. – Bourges, 1966.
15. Günay Tümer. Abdurrahman Küçük. Dinler Tarihi. 3. Baskı. – Ankara: Ocak Yayınları,1997.
16. İsmail Yılmaz. Üniteryanizm'in Doğuşu ve Bunu Etkileyen Dini Sebepler. M.Ü. Sosyal Bilimler Enstitüsü. (Доктордук диссертация). – Istanbul, 1993.
17. Jean Boisset. Histoire du Protestantisme. – Paris: PUF, 1970. –11-б; Roger Mehl. La Theologie Protestante.–Paris: PUF, 1967.
18. Jean-Michel Bilioud. Histoire des Chretins d'Orient, Editions I'Hartmaıan. – Paris, 1995.
19. M. Ebu Zehra. Hıristiyanlık Üzerine Konferanslar. (Çev. A. Nuri). – Istanbul, 1978.
20. Martin Jugie. Le Schisme Byzantin. – Paris, 1941.

21. Martin Vincent. "Aspect Theologique du Filioque". // İrenikon. LXII т. – Belgique, 1989.
22. Maurice Bucaille. Kitab-ı Mukaddes, Kur'an ve Bilim. (Çeviren Suat Yıldırım).
23. Mehmet Aydın. "Batı ve Doğu Hıristiyanlığına Tarihi Bir Bakış" // AÜİFD.
24. Mehmet Aydın. Hıristiyan Genel Konsilleri ve II. Vatikan Konsili. – Konya, 1991.
25. Mehmet Aydın. Hristiyan Kaynaklarına Göre Hıristiyanlık. – Ankara: TDV Yayınları, 1995.
26. Mehmet Aydın. Müslümanların Hıristiyanlara Karşı Yazdığı Reddiyeler ve Tartışma Konuları. – Konya: S.O. Yayınlan, 1989.
27. Mustafa Erdem. "Kıpti Kilisesi Üzerine Bir Araştırma" // AÜİFD. XXXVI т. – Ankara, 1997.
28. Olivier Clement. "Ortodoksluk Mezhebi". // Din Fenomeni. (Çeviren Mehmet Aydın). – Konya,1992.
29. Paul Lemerle. Histoire de Byzance. – Paris: PUF, 1948.
30. Pauparde. Le Papa. – Paris: PUF, 1980.
31. Richard Stauffer. Reform. Çev: Cem Muhtaroğlu. – İstanbul, 1993.
32. Ünver Günay. Harun Güngör. Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dini Tarihi. – Ankara, 1997.
33. Voltaire. Felsefe Sözlüğü. (Çeviren Lütfü Ay). I т. – Istanbul, 1995.